
# Айкашка жана Бурак



Автор: Талгат Деркембаев

Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

# Айкашка жана Бурак

Автор: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Айкашка жана Бурак" (кыргыз тилинде), автор Талгат Деркембаев
сүрөтчү Айжамал Молдогазиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Төлөгөн менен Жибекке атасы Бекбай мал базардан бирден тай сатып келди. Экөө тайлуу болгонуна аябай сүйүнүштү. Тай деп жылкынын бир жашка чыккан баласын айтабыз.

– Кана, балдарым, өзүңөрдүн тайларыңарга ат койгула! – деп атасы жылмайды. Төлөгөн бир топко ойлонуп, ат таба албай убара болду. Ал эми Жибек болсо дароо эле:

– Айкашка! – деп ат койду. Себеби анын тайынын мандайында ай сыяктуу кашкасы бар экен. Кашка дегенибиз – жылкынын мандайындагы ак түстүү белгиси.

Төлөгөн бир топко ойлонуп туруп, өзүнүн тайын Бурак деп атады. Балдары койгон аттар атасына да жакты окшойт. Ал жылкы баласынын мүнөзү ар кандай болорун айтып жатты:

– Кээ бир жылкылар жоош, кээ бирлери азоо болушат. Ошондуктан буларды тай кезинен колго көндүрүп, мингич кылышат. А мен силерге кичинесинен көнсүн деп ушул тайларды алып келдим, – деди.



Жибек өзүнүн Айкашкасын мандайынан, жалынан сылай эркелетип:

– Эми Айкашка, экөөбүз дайыма бирге болобуз. Сени Төлөгөндүн Бурагынан күлүк кылып таптабасамбы. Төлөгөн экөөбүз ат чабышка түшкөндө жеткирбей кетебиз го! – деп кыткылыктады.

– Карасаң муну! Менин Бурагым сенин Айкашкаңан алда канча күчтүү жана күлүк болот. Айкашкаң экөөңдү Бурагым экөөбүз жарым жолдон эле кууп жетебиз, – деп Төлөгөн да жылмайды.

Атасы булардын кайым айтышына күлүп:

– Балдарым, алгач тайыңарды минип көрбөйсүңөрбү, – деди. Бурактын жонуна артылып турган Төлөгөн тайына шап секирип минди. Жибек да дароо Айкашкасына ыргып минди. Элирип турган жаш тайлар бир орунда тура албай тыбырчылап турушту. Бирок мөңкүгөн жок. Буга чейин атасы балдарына ат мингенди үйрөтүп келген болчу.



Алгач Төлөгөн менен Жибек тайларын ары-бери бастырып көрүштү. Бурак менен Айкашка колдо өскөн жоош тайлар экен. Кубанычы койнуна батпаган Жибек:

– Ата, Төлөгөн экөөбүз тайларыбыз менен жарышып көрбөйлүбү? – деп суранды. Төлөгөн да:

– Ошентеличи, ата? – деп тызылдап жиберди. Тайлардын терс кыялы жок экенин байкаган атасы:

– Макул. Бирок айылдын четине чыгалы. Ээн жерден чаап көргүлө, – деди.

Ошентип, алар айыл четине чыгышты. Тайлар лепилдеп тың басып келишти. Балдар өздөрүн аябай бактылуу сезишти.

– Эмесе, балдарым, тайларыңарды сынай турган мезгил келди. Мен тээтиги жерден белги берем. Ошондо гана экөөң тайларды чаап жөнөйсүңөр – деп, атасы талаанын аркы четиндеги дөңдү карай чаап кетти.



Төлөгөн менен Жибек атасынын белги беришин күтүп, тизгинди тартып турушту. Бир маалда дөңдүн үстүнө жеткен атасы колун шилтеди. Ооздугун кемирип тыбырчылап турган тайлар ордунан октой эле атып чыгышты. Бурак менен Айкашка экөө тең күлүк экен. Эңкейиш жерге келгенде Айкашка алдыга чыга калат. Өр таяна бергенде Бурак алдыга озуп кетет. Төлөгөн менен Жибек улам бири-бирин карап коюп, тайларын чаап келатышты. Экөө тең биринчи болуп келгиси келди. Ал аңгыча ортодо аралык кыскарды. Алар атасы турган жерге жакындап келатышты. Экөө тең чү-чү деп теминип, атасынын жанынан өтө беришти.

– Балдарым, азаматсыңар. Экөөңөрдүн аргымагыңар тең чыкты. Экөө тең күлүк турбайбы. Буларды жакшы карап, жем-чөбүн убагында бергиле. Эгер жакшы бакпасаңар, тыртайып арык болуп эч нерсеге жарабай калышат. Ошондуктан жакшылап көз салгыла, – деди атасы.



– Мен арпа, сулу берип багам, – деди Жибек.

– Мен болсо күнүгө тайыма беде оруп берем, – деди Төлөгөн.  Атасы да бала кезинен жылкыга жакын өскөн. Ал кызы менен уулунун жылкы баласын жакшы көргөнүнө ыраазы болду.

– Ата, менин Айкашкам эки жылдан кийин канчалык болуп чоңоёт? – деп суроо узатты Жибек.

– Кызым, жылкы баласы жаңы туулганда кулун болот. Алты айда жабагы, бир жашка толгондо тай болот. Андан кийин кунан болот. Үч жашка толгону бышты болот. Асый болгондо Айкашкаң толук күч-кубатка толот. Ошондо сенин тайың эки жылдан кийин эмне болот экен? – деп атасы кайра сурады.

Жибек да, Төлөгөн да:


– Ата, бышты болот. Бышты болот! – деп бирдей кыйкырып жиберишти.

– Туура, балдарым, бышты болот. Анан төрт жашка чыгып, асый болот. Ошентип, жыл өткөн сайын бир асый, эки асый, үч асый деп кете берет. Каныкей энебиздин Тайторусу алтымыш асый болгон деп айтышат.

– Демек, Тайтору 64 жашка чыккан турбайбы, ээ? – деп Төлөгөн таң калды.


– Ай-ий, ата! Жылкылар аябай узак жашашат турбайбы, ээ? – деп Жибек атасын карады.

– Ооба, кызым, таза кандуу жылкылар көп жашашат, – деди атасы. Үйгө кайтканда жылкы жаныбар тууралуу баянын улантты.



Байыртан эле адамдар жылкыны тиричиликте пайдаланып келишет. Адамдарга башка бир дагы жаныбар жылкыдай кызмат кылган эмес. Бээнин сүтүн саап, кымызын ичишкен. Илгери адамдар ат минип, жоонун мизин кайтарышкан. Машиналар, поезддер чыга электе аларды арабага кошуп, оор жүктөрдү ташышкан. Аттарга соко чиркеп, жер айдашкан. Дүйнөдө азыркы техникалардын кубаты аттын күчү менен эсептелгени да бекеринен эмес.


Жылкылардын туяктары негизги мааниге ээ. Туякты убагында тазалап, өскөөлүн кесип, такалап туруу керек. Туяктарга кам көрбөсө, жылкылар ташыркап баса албай калышат. Баса албаган жылкы жолдо калат.



Жылкыны өңүнө карай жээрде, карагер, тору деп айырмалайбыз. Ак боз, сур, кер, чаар, чабдар, ала жылкылар да болот.

Ошондой эле кыймыл-аракетине, басканына, чуркаганына жараша да жылкыларды бөлөбүз. Чайпала жүргөн жүрүшү бар күчтүү жылкыларды “жорго” дейбиз. Мыкты жорголордун соорусуна койсо, табактагы суу да чайпалбайт дешет.

Жарышта алдыга озгон жылкыны “күлүк”, тез баспаган жылкыны “кашаң” дейбиз.



– Ой-ий, атаке. Жылкылар тууралуу ушунча көп билет турбайсызбы? Демек, менин тайым тору экен да! – деди Жибек.

– Атаке, менин тайым карагер экен. Карагер Бурагым, буюрса, жорго болот! Айыл четинен жорголотуп көрбөдүмбү, – деп Төлөгөн кудуңдады.

– Мен Айкашкамды ушунчалык жакшы көрөм. Эми күндө анын жал-куйругун тарап, жемине мейиз кошуп берип багам! Менин Айкашкам күлүк болот! – деп Жибек бир орунда тура албай, ары-бери секирип.

– Тайларыңардын жем-чөбүн берип койгула, – деп атасы үйгө кирип кетти.

Жибек менен Төлөгөн Айкашкасы менен Бурагын жетелеп, мойнунан кучактап, өздөрүнчө жыргап-куунап жатышты.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**